Атыгаев Б.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АЛМАБЕК ТОЙЧУБЕКОВДУН «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНДАГЫ СЮЖЕТТИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

«Семетей» эпосу – «Манас» эпосундай эле элдин сүйүктүү көркөм эстелиги. Башкы темасы – сырттан басып кирген душмандарга каршы элдин боштондук күрөшү. Башкы проблемасы – жалпы элдик биримдик, ынтымак. Сюжеттин курулушу окуялардын системасынан турат, башкача айтканда, окуялар ырааттуу өнүгөт, композициялык түзүлүшү генеалогиялык принципте түзүлөт. «Манас» эпосунун үч бөлүгүнүн тең идеялык мазмунун башкы каармандын эпикалык биографиясы аныктайт. Эпостун башкы каарманынын айланасына бардык сюжеттик окуялар топтолуп, Манас Семетей, Сейтек баатырлардын образдарын бардык жагынан терең, кеңири ачып берүүгө кызмат этет да, чыгарманын мазмунун байытып, көркөмдүгүн арттырат. Ырас, эпостун үч бөлүгү тең ар кандай сюжеттик окуялардан туруп, «Манас» эпосу өзүнчө бир идеалдуу доорду сүрөттөсө, «Семетей» эпосу – башка бир реалдуу доорду сүрөттөгөн өзгөчө көркөм эстелик. «Манас» эпосуна мүнөздүү болгон өзгөчө жалпы элдик биримдик, ынтымак «Семетей» эпосунда бир кыйла басаңдаган, сырткы душмандарга караганда ички душман күч алганына күбө болобуз.

«Семетей» эпосунда сүрөттөлгөн эпикалык окуялар, «Манас» эпосуна салыштырганда, бир кыйла реалдуу турмушка жакын көркөм сүрөттөлөт. Манас баатырдын кырк чоросу кырк уруу кыргыз элинин өкүлү болсо, Семетейдин болгону эки чоросу бар. Алардын бирөө чыккынчы болуп чыга келет. Баягы «Манас» эпосунда айтылган «кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган», уруулар чачырап, ар кимиси өз алдынча кетип, өз кызыкчылыгын бийик коюп калган учур.

«Семетей» эпосунун дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү - «Манас» эпосуна караганда варианттарынын саны арбын, семетейчилер да манасчыларга караганда көптүк кылат.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосуна салыштырганда көлөмдүү. Бул да жөн гана кокустук эмес. Дээрлик белгилүү манасчылардын бардыгы «Семетей» эпосун чебер айтышкан чоң таланттар болушкан. Баарынан мурда, «Семетей» эпосунун мазмуну өзүнүн романтикалуу мүнөзү менен угуучуларды бөтөнчө кызыктырып, кадимки реалдуу турмуштагы окуялар басымдуу мүнөзгө ээ болгондуктан, таасирдүүлүгү күчөп, көркөмдүгү да арта берген.

«Семетей» эпосунун мына ушундай мүнөздүү олуттуу өзгөчөлүктөрү атайын бардык жагын толук камтыган илимий иликтөөнүн обңектиси боло турган маанилүү маселенин бири экендигинде талаш жок.

«Семетей» эпосун жаратып, өнүктүрүп келишкен, эл арасынан чыккан чоң таланттар-семетейчилер -манасчыларга караганда арбын болгондугун жогоруда эскерип кеттик. Бирок, тилекке каршы, алардын көпчүлүгүнүн ысымдары гана элдин эсинде сакталып, айткандары кагазга түшпөгөнү - өкүнүчтүү көрүнүш. Семетейчилердин айрымдары, негизинен, «Семетей» эпосун айтууну гана кесип кылышып, бүт өмүрүн ошого арнагандар да болгон. Мына ушундай чоң таланттын бири азыркы Түп районуна караштуу Ой-Булак айылындагы алдаяр уруусунан чыккан Дыйканбай деген чоң талантуу семетейчи жөнүндө эл

арасында ар кандай аңыз-улама сөздөр айтылып келүүдө. Белгилүү манасчы Тыныбек семетейчи Дыйканбайдын семетейчилик өнөрүн, талантын өтө жогору баалап, мындай бир айткан сөзү бар: «Ак калпактуу кыргызда Дыйканбайдан мыкты семетейчи жок» - деген. Ал эми көлдөн чыккан таланттуу төкмө акын, Шабданды кордоп да, мактап да ырга кошкон Солтобай ырчы Дыйканбай жөнүндө мындай ырга кошкону эл арасында кеңири таралып, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келүүдө.

Кыш айтасың Семетей,
Жай айтасың Семетей.
Башыңдагы кийгениң,
Жаман көрпө тебетей.

Дыйканбай жайдыр кыштыр «Семетей» эпосун айтса, демек, ал эпосту мыкты өздөштүргөн, өзгөчө таланттуу семетейчи болгондугунда шек жок. Чыныбай өңдүү уруу башчы, элде кан Чыныбай деген атка конгон, бийлик башындагыларга жакын кандын ырчысы болуп жүргөн Солтобай акынга Дыйканбайдын баш кийими «жаман көрпө тебетей» болуп жупуну көрүнүшү толук ыктымал.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосундай эле атадан балага, улуудан кичүүгө, муундан муунга өтүп, улам жаңы окуялар кошулуп, мазмуну байып, көркөмдүгү артып отурган. Ошол эле Дыйканбайдын иниси Тойчубек, Тойчубектин уулу Алмабек «Семетей» эпосун мыкты билишкен семетейчи-лерден болушкан.

Алмабек Тойчубеков совет доорунда жашап, филармонияда көп жыл артист болуп эмгектенген. Алмабектен «Семетей» эпосунун негизги бөлүктөрү жазылып алынган. Алмабек Тойчубеков айткан «Семетей» эпосунун варианты Илимдер академиянын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Алмабек Тойчубековдун уулу Касен, небереси Кубан аталарынын улуу көркөм мурасын улантып бүгүнкү күндө айтып жүрүшкөн шыктуу семетейчилерден. Небереси Кубан кесиби боюнча дарыгер, Түп районунда башкы дарыгер болуп эмгектенүүдө. «Семетей» эпосун айтып, конкурстарда байгелерге татыктуу болуп жүрөт. Ал эми А.Тойчубеков айткан «Семетей» эпосунун варианты - окуяларга бай, көркөмдүгү бир кыйла жогору оригиналдуу вариант. «Семетей» эпосунун айрым үзүндүлөрүн айтышкан семетейчилердин варианттары өзүнчө китеп болуп жарык көрүп жатат. Ал эми таланттуу семетейчи Алмабек Тойчубековдун бир кыйла толук, көркөмдүгү мыкты варианты жарык көрмөк турсун, ысымы унутулуп бара жатат.

Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, тилин, үрп- адат, салтын мыкты билген белгилүү окумуштуу Хусейин Карасай уулунун Дыйканбай семетейчи жөнүндө эскерген мындай бир баалуу пикири бар. Ошого көңүл буруп көрөлү. Хусейин ата мындай эскерет: «Ошол 1916-жылдагы үркүндө Кытай жерине барып, жашырынып туруп калдык. Мени атам дайыма өзү менен ээрчитип ала жүрчү. Жай мезгили. Бир нече адам болуп, Текестен Кулжаны көздөй баратабыз. Ошол бараткан-дардын ичинде атактуу семетейчи Дыйканбай деген да бар экен. Сапар алыс, жолдо бараткандa, ат үстүндө ошол кишинин куюлуштуруп айтканын сураба! Атын бирөөлөр жетелеп алды. Тим эле эки колдорун эркин жаңсап, Айчүрөктү сыпаттаганда, атчан бараткандар өздөрү айтып атканcып «бали!», «бали!» деп үн салып баратышат. Мен «Семетейди» биринчи угушум - эмне деген шыктуу адамдар кыргыздан чыкпады. Азыркыдай мүмкүндүк

болгондо, ошол ат үстүнөн деле жазып алмак экенбиз».

А.Тойчубековдун айтуусунда «Семетей» эпосунун негизги жалпыга белгилүү сюжеттик окуялары бекем сакталганына күбө болобуз. «Манас» эпосундай А.Тойчубековдун айтуусунда «Семетей» эпосу салт болуп калган сөз башы мындайча башталат.

Жалганбы, чынбы ким билет,
Зайып пуруш шерлери.
Эл аралап көп айттык,
Жараткан жанар бир билет.
Аныкпы, чынбы Ким билет?
Арбагы тирүү баатырды
Аңгеме кылып көп айттык
Абалы кудай бир билет

«Манас» эпосунда кеңири учурап, бекем салтка айланган салтык-сюжеттик мотивдер «Семетей эпосунда да көп кайталанып окуя башталганда эле ачык байкалат. «Семетей» эпосунун баш сөзү «Манастын» баш сөзүнө сөзмө-сөз окшош болбосо да, маани-маңызы жагынан окшош экендиги көзгө бөтөнчө урунат.

Баш сөз - куру, формалдуу көрүнүш эмес. Баш сөз өзүнчө көркөм милдет аткарат. Угуучуларды алдыда баяндала турган олуттуу окуяга даярдайт.

«Семетей» эпосунун негизги варианттарында Манас баатыр өлгөндөн кийин Каныкейди күч менен алууга аракет кылышып, Манастын ордосун чаап-талап, Каныкей уулун көтөрүп Таластан Букарага качышы менен окуя башталат. Ал эми А.Тойчубековдун вариантында окуя Манас баатырдын өлүмүн өзүнчө кеңири сюжет катары баяндоо менен башталганын көрөбүз. Андан кийинки окуя Каныкейдин балтыр бешик Семетейди алып Букарга качышы, Семетейдин Букарда тарбияланып эр жетиши, Семетейдин Таласка келиши, Чынкожо, Толтой чатагы, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү, Коңурбайдан атасынын өчүн алышы, Семетейдин өлүмү. Семетейчи А.Тойчубеков эпостун жалпыга белгилүү салттык окуяларын бекем сактаганы ачык көрүнүп турат.

Айтуучунун шыгына, талантына жараша айрым окуялар кеңири баяндалса, айрымдары кыска схема түрүндө баяндалат. Айрымдарында көркөмдүк жагы бийик, бөтөнчө таасирдүү, образдуу сүрөттөлсө, башкаларда солгун болушу толук табийгый көрүнүш. Ошондой эле анча олуттуу мааниге ээ болбогон сюжеттик айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр дээрлик бардык семетейчилерде учурары да белгилүү. Айрым семетейчилер эпостун белгилүү бир бөлүгүн өзүнчө көркөм, кеңири бүткөн сюжет кылып айткан учурлары да бар. Улуу манасчы С.Каралаев «Семетей» эпосундагы «Каныкейдин жомогу», «Каныкейдин Тайторуну чапканын» башкалардан өзгөчөлөнүп көркөм, күчтүү драматизм, кайгылуу, элегиялык мотив менен аткарганын билебиз.

А.Тойчубеков болсо «Семетей» эпосундагы олуттуу бөлүктүн бири болгон Чынкожо, Толтой чатагын бөтөн басым менен бийик көркөмдүктө кеңири мүнөздөйт. Семетейчи мына ушул бөлүктөн баштап улуу баянын улантат да, башка окуяларга кийин кайрылат. Бул да кокустук көрүнүш эмес деген ойго келебиз. Анткени «Семетей» эпосундагы «Чынкожо, Толтой чатагын» олуттуу гана бөлүк болбостон, өзүнчө жеке кеңири сюжеттүү, угуучу чөйрөнүн бөтөнчө кызыгуусун туудурган, угуучулардын өтүнүчү боюнча көп айтылып, башка

бөлүктөргө салыштырганда көркөмдүгү бир кыйла бийик. Үргөнч дарыясынын фантас-тикалык көрүнүшү, жаратылыштын албуут, каардуу күчү өтө динамикалуу көркөм сүрөттөлүп, угуучулардын жан дүйнөсүнө бүлүк салып, эстетикалык ырахат тартуулайт. Айчүрөк өзүнүн керемет жайчылык күчү менен дарыяны адам титиреткен өтө коркунучтуу жагдайга жеткирет. Үргөнч дарыянын ашып-ташып, алачыктай таштарды күңгүрөтүп агызып, «карагай агып, тал агып, ортосунда билектей кара кан агып», - деп дарыянын жер титиреткен алп күчү, адамга жан бербеген зор агымы Семетей баатыр, анын чоролору үчүн өзүнчө бир улуу сыноо катары сүрөттөлөт. Мына ушул жаратылыштын улуу сыноосун жеңип, дарыядан кечип өтсө, Чынкожо, Толтой өңдүү күчтүү, каардуу душманга туруктуу каршылык көрсөтө алат деген ой Айчүрөктүн тынчын алып, аны толкундаткан өзгөчө күч – «Семетей» эпосунун «Манас» эпосунан өзгөчөлөнгөн дагы бир олуттуу касиети, чыгарманын романтикалык стили. Мындай романтикалык белги эпосто Күлчоронун образына бөтөнчө мүнөздүү. Күлчоро ашкан баатыр, ошону менен бирге эле жаш, турмуштун, согуштун татаал сыноолорунан өтүп, чоң тажрыйбага ээ боло элек. Күлчоро Канчородон кескин айырмаланып, «кыздуу үйдө кыякчы, кымыздуу үйдө аякчы» дегендей шайыр-шайдоот. Үргөнчтүн аркы өйүзүндө «кыркы келин, кыркы кыз» ортосунда Айчүрөктү көрүп, жаштыктын толкуну ала качып, кандуу суудан коркпой, кечүү издебей дарыяга кирет. Мына ушул учур эпосто бөтөнчө таасирдүү, образдуу, конкреттүү, көркөм сүрөттөлөт:

«Жардын башын уратып,
Суугa кирди чуратып.
Кирген жерден жоголуп,
Сүрдүгө түшүп оңолуп.
Адис болгон союлгур,
Суунун агымын көздөй матанып,
Суудан чыкты жылт этип».

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, Күлчоронун гана баатырдык эрдигине таң калбастан, анын минген тулпары Тайбуурулга да таңкалып, суктанбай коө албайбыз.

«Семетей» эпосу – «Манас» эпосундай эле эволюциялык өнүгүп-өсүүнүн узак жолун басып өтүп, олуттуу зор тарыхый окуяларды камтып, мазмуну улам байып, көркөмдүгү артып, классикалык баатырдык эпостун бийик үлгүсүн түзгөн кайталангыс зор көркөм чыгарма. XIX кылымда эле Ч.Валиханов менен академик В.В.Радлов кыргыздарда баатырдык эпос бөтөнчө өнүгүп, кыргыздар өзүнчө эле бир эпикалык доордо жашап жаткандыгын суктануу менен адилеттүү белгилеп келишкен. Ч.Валиханов «Семетей» эпосу буруттардын (кыргыздардын) «Одиссеясы» деп өтө жогору баалаган.

Жогоруда «Семетей» эпосуна лиро-романтикалык стиль мүнөздүү деп белгилеп кеткен элек. Мындай мүнөздүү көрүнүш «Чынкожо, Толтой чатагы», «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» өңдүү эпизоддордо бөтөнчө ачык байкалат.

А.Тойчубековдун «Семетей» эпосунда негизги салттык сюжет бекем сакталуу менен бирге, анын айтуусунда айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр бар экендигин жогоруда эскерттик. Ошону менен эле бирге бул вариантта «Семетей» эпосунун поэтикасында да айтуучунун жеке өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөр да арбын. Ырас,

А.Тойчубеков көркөм сүрөттөөлөргө кайрылганда, жалпы эле семетейчилерге мүнөздүү салттык-традициялык белгилерди бекем сактайт. Бирок салттык сүрөттөөлөр көп кайталанып бир семетейчиден экинчисине өткөн ыр саптарды жөн гана кайталап тим болбостон, чыгармачылык менен өздөштүргөнүнө да өзгөчө мааниге ээ. Сөзүбүз куру болбос үчүн «Айчүрөктүн кандарды сынаганы» аттуу эпизоддон мисал келтирип, окурмандын көңүлүн буруп көрөлү.

А.Тойчубеков Чынкожо менен Толтойдун Акун кандын шаарын камап, Айчүрөктү күч менен алабыз деп жаткан учурун мындайча сүрөттөйт.

Чынкожо, Толтой кош болуп,
Кыяматтык дос болуп,
Карагай найза боолашып,
Кан Акун менен жоолашып
Айчүрөгүн алам дейт.
Айтканына көнбөсө,
Айчүрөгүн бербесе,
Ары чети Акунга
Акыр заман салам деп
Жазынкысын болгондо
Жалдуу жылкы мингизбей,
Күзүнкүсүн болгондо
Куйруктуу козу жегизбей.

«Семетей» эпосунун бардык варианттарында Манас менен Акун кан кыргыздын элдик салты боюнча бел куда болгон жайы өзүнчө көркөм баян болуп айтылат.

Чынкожо, Толтой, Акун кандын шаарын камап, жай-күзү акы алып, элин талап-тоноп айласын кетирип, эл оор, кыйын абалда калат.

Акун кан айласы кетип, Айчүрөктү берейин десе, Манастын арбагынан коркот, бербейин десе «жоо жакадан алып, бөрү этектен алып» оор кыйын учурга дал келет.

Алты айдан бери уруштум
Акырет кеткен Манастын
Арбагы үчүн муюштум.
Акыретке барганда
Анттуу досум кан Манас
Жалгызыма арнаган
Айчүрөгүм гана деп
Эмине жооп беремин.
Арбагы тирүү султандын
Кантип жүзүн көрөмүн.

А.Тойчубеков – «Семетей» эпосунун негизги баш каармандарынын ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, бийик адамдык сапаттарын портреттик сүрөттөрүн да бир кыйла чебер, образдуу, таасирдүү көркөм сүрөттөп бере алган таланттуу айтуучу. Башка варианттарда анча байкалбаган Айчүрөктүн өзгөчө бир сапатын, анын сөзгө чечендигин, кыйын татаал шартта амал-айла тапкан айлакерлигин айтуучу мындай сүрөттөйт:

Жылкы болсо дулдул күң,
Сөз жагынан булбул күң,

Кандай айтса сөз тапкан,
Тили чечен жүлүк күң.
Ташка салса тайгалбас,
Мүдүрүлбөс күлүк күң.
Толтойго тиемин деп дөөрүттү,
Эки агасын жөөлүттү.
Барып акыл салгыла,
Сарамжалым бүткөндө.
Жедигердин Толтойун,
Анан кийин келсин де.

«Манас» эпосунда баатырдык дух, күчтүү эпикалык арым, миф, фантастика, өзгөчө апыртып көркөм сүрөттөө, монументалдуулук өңдүү баатырдык эпоско мүнөздүү болгон олуттуу белгилер арбын учурап, чыгарманын идеялык мазмунун аныктоодо өзгөчө көркөм мааниге ээ болору белгилүү. Ал эми «Семетей» эпосу «Манас» эпосуна салыштырганда окуяларды реалдуу сүрөттөп, кадимки турмушка жакын болуп, өзгөчө таасир этип, эстетикалык көркөм дүйнөсү өзгөчөлөнүп турганын байкабай коюуга мүмкүн эмес. Бирок «Семетей» эпосунда баатырдык дух, эпикалык эргүү, апыртып көркөм сүрөттөө такыр эле басаң, төмөн деген ойдон алыспыз. «Семетей» эпосунун көп варианттарынын ичинен улуу манасчы С.Каралаевдин айтуусунда баатырдык белги орошон көзгө урунарын ачык эле байкоого болот. Биз кеп кылып жаткан А.Тойчубековдун вариантында баатырдык эпостун салттык белгилери да бир кыйла көркөм таасирдүү, бекем сакталганын көрөбүз. Сөзүбүз далилдүү болсун үчүн А.Тойчубековдун айтуусунда Чынкожо менен Толтойдун колунун көрүнүшүн сүрөттөгөн бир мисалга көңүл буруп көрөлү:

Чынкожо менен эр Толтой
Жети сайлуу Ак бараң
Асманды көздөй үч атып,
Кара желек окшотуп,
Карагай найза көбшөтүп.
Аскери жайнап топтошуп.
Жедигердин төрөсү,
Сур коөнду туйлатып.
Жулкушканды кыйратып,
Ойкуштатып кара атын,
Ортосунда Чынкожо
Чыдап койгон темирдей,
Алты миң аскер башчысы
Анын колу бир бөлөк.

Мисалда ачык көрүнүп тургандай, Чынкожо менен Толтойдун колунун келе жатканын өтө шаңдуу, каардуу, сүрдүү кылып, көркөм, элестүү, конкреттүү сүрөттөйт.

«Манас» эпосунда кыргыз жери өтө бай, ажайып көздүн жоосун алган кооз сүрөттөө бекем салтка айланган көрүнүш.

Адырдын чөбү суюлуп,
Аркары жүрөт куюлуп,

Аркары адам тааныбайт,
Азаптуу киши наалыбайт.

Деги эле пейзаждык көркөм сүрөттөө «Манас», «Семетей» эпосторунда, ошондой эле кыргыздын кенже эпосторунда өзгөчө олуттуу көркөм мааниге ээ. А.Тойчубековдун айтуусунда «Семетей» эпосунан Ысык-Көлдүн көрүнүшүн көркөм сүрөттөгөн бир мисалды келтирип көрөлү:

Бетегеси май экен,
Бечарага жай экен.
Топурагы май экен,
Томоякка жай экен.
Төгөрөгү туюк коргон жер,
Касташканды соргон жер.
Толкуну элди коркуткан,
Күңгөйүнөн жүз булак,
Тескейинен жүз булак.
Эки жүз булак суу куйса,
Калыбынан ашпаган.
Касиеттүү Ысык-Көл
Көтөрүлүп ташпаган
Абасы атыр жел экен
Жердебей турган жер бекен!

Семетейчи А.Тойчубековдун Ысык-Көл жөнүндөгү бул ыр саптары улуу ойчулдар Арстанбек менен Калыгулдун көл жөнүндө айткандары, ырлары аргасыздан эске түшөт. Калыгулдун «тескейден куят миң булак, күңгөйдөн куят миң булак, агып чыкпайт бир булак» деген сөзү кимди болсо таң калтырат. Анткени Ысык-Көлдү изилдешкен Россиянын белгилүү окумуштуулары Чүйдүн суусунун башы көлдөн агып чыгат деп жазып ийишкен тура. А.Тойчубеков айткан «Семетей» эпосунун вариантында элдик макал-ылакаптар, учкул сөздөр да арбын.

М: «Жоо жакадан, бөрү этектеп алып»;
«Ургаачыны кор кылган, эркекти кудай зар кылган»;
«Асманда жылдыз оң болсун, асылган душман кор болсун»;
«Калк кысылып келгенде, кандан акыл сурайт,
Кан башына иш түшсө, калкынан акыл сурайт»;
«Ачта акыл табылбайт, токто акыл кутулбайт».

Биз белгилүү семетейчи Алмабек Тойчубековдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун айрым бир көркөм өзгөчөлүктөрүнө учкай токтолуп өттүк. А.Тойчубеков катардагы гана көп семетейчинин бири эмес. А.Тойчубековдун варианты – окуяларга бай, көркөмдүгү бийик, баатырдык эпостун салттык сюжетин, белгилерин бекем сактаган оригиналдуу вариант, А.Тойчубеков – эпосту өз алдынча чыгармачылык менен өздөштүргөн таланттуу семетейчи. Анын варианты атайын кеңири мүнөздөгү илимий иликтөөнүн обңектиси боло турган маанилүү, баалуу көркөм мурас.

Адабияттар:

1. Жайнакова А. «Семетей» эпосу. ⁄Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. –Б., 2004.

2. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Тюркский героический эпос. -Ленинград, 1974.

3. Бегалиев С. «Манас» эпосу. -Каракол, 2004.

4. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. ⁄Китепте: «Манас» С.Орозбаковдун айтуусунда 1-том. -Фрунзе, 1978.

5. Мамыров М. «Семетей» эпосу «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү. -Ф., 1963.

6. Керимжанова, «Семетей» и «Сейтек». -Ф., 1961.